Food and Agriculture Organization of the United Nations

ФАОнун CS-FOR долбоору табигый ресурстарды натыйжалуу башкарууга, көмүр кычкыл газынын бөлүнүп чыгышын азайтууга жана экосистеманын деградациясын алдын алууга жардам берет.

Бул долбоор ар бир иш-аракетинде өзгөчө аялдарга көңүл бурат, алардын:

- Табигый ресурстарды башкаруу боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусун камсыздайт.
- Жеке ишин өнүктүрүп, жашоо шарттарын жакшыртууга жардам берет.

© FAO/Begimai Altybaeva


© Nurdin Sultambaev


© FAO/Begimai Altybaeva


© FAO/Begimai Altybaeva


© FAO/Begimai Altybaeva

## АЯЛДАРДЫН КАТЫШУУСУ ЭМНЕГЕ МААНИЛҮҮ?

Аялдар айылдык коомчулуктарда негизги рол ойнойт: алар көбүнесе айыл чарба өндүрүшү, малга кам көрүү, үй иштери жана үй-бүлөгө кам көрүү менен алек.

Бирок, көп учурда аларда:

- Ресурстарга, каржылык жардамга жана технологияларга жетүү мүмкүнчүлүгү жок.
- Окуу жана маалымат алуу мүмкүнчүлүгү чектелүү.
- Мындан тышкары, аялдардын табигый ресурстарды башкаруудагы ролун чектеген коомдо ар кандай терс көз караштар жана ишенимдер дагы деле бар.
- CS-FOR долбоору бул маселелерди чечүүгө жана аялдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жардам берет.

## ДОЛБООР АЯЛДАРДЫ КАНТИП КОЛДОЙТ?

Долбоордун бардык иш-аракеттеринде (окутуу, микродолбоор, жамааттык топ ж.б.) жана чечим кабыл алуу этаптарында аялдар бирдей катышат жана мүмкүнчүлүктөрүнөн пайда ала алышат.

1. **ОКУТУУ:**
   - Табигый ресурстарды башкаруу жана климаттык өзгөрүүлөргө адаптация болуу боюнча курстар жана тренингдер өткөрүлөт.
   - Үй-бүлөсүн өзү башкарган аялдарга жана жаштарга өзгөчө көңүл бурулат.
2. **ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛУУ ПРОЦЕССТЕРИНЕ КАТЫШУУ:**
   - Долбоор аялдарды жайыттарды жана токойлорду башкаруу комитеттерине тартуу менен чечим кабыл алууга жардам берет.
   - Жаратылышты башкаруу боюнча коомдук топтордун 30% аялдардан турат.
3. **БИЗНЕС/ЖЕКЕ ИШКЕРЛИКТИ ӨНҮКТҮРҮҮ:**
   - Аялдарга бизнес-план түзүүнү, насыя алууну жана өз ишин илгерилетүүнү/баштоону үйрөтөт.
   - Экологияга зыян келтирбеген бизнес долбоорлорду өнүктүрүү аркылуу кирешени көбөйтүүгө жардам берет.
   - Ресурстарга жана технологияларга жеткиликтүүлүктү камсыздайт.

## КАНДАЙ ПАЙДА АЛЫП КЕЛЕТ?

- Сиздин кызыкчылыктарыңыз жана муктаждыктарыңыз айылдагы табигый ресурстарды башкарууда эске алынат.
- Сиздин жана үй-бүлөңүздүн жашоосун жакшыртууга жардам бере турган программаларга катышууга мүмкүнчүлүк аласыз.
- Билим жана көндүмдөргө ээ болуп, ишенимиңиз артып, көз карандысыз боло аласыз.

Кенен маалымат алуу үчүн:

1. Аймактагы долбоордун өкүлдөрүнө кайрылыңыз.
2. Жергиликтүү жамаатта өтүүчү жолугушууга катышыңыз.
3. Бизге электрондук почта csforkyrgyzstan@gmail.com аркылуу же социалдык тармактардан жазыңыз.

instagram

facebook

GREEN CLIMATE FUND

КЫРГЫЗ ТОКОЮ

РОССИЯ-КЫРГЫЗ ӨНҮГҮҮ ФОНДУ

АРИС КООМЧУЛУКТУ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ИНВЕСТИЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

Some rights reserved. This work is made available under the Creative Commons Attribution - 4.0 International licence (CC BY 4.0).

© FAO, 2025
CD3901KY/1/01.25